# Бир өзүң

Сага деген сүйүүм өчпөйт бул өмүрдө,

Сагынычым сага артат күндөн-күнгө.

Санааларга салдың мени,

Ар тараптан издейм сени.

Кыялбадым сени деген үмүтүмдү,

Ай үмүтүмдү.

Кыялдансам бир өзүң кыялымда,

Ырлар жазсам бир өзүң ырларымда.

Кара мончок көздөрүң ай,

Кандай таттуу сөздөрүң ай.

Катып жүргөм бир өзүң ай сырларымда,

Ай сырларымда.

Кылым болот сени көрбөй калган түнүм,

Кыйналамын уктай албай ошол түнү.

Кызгалдагым күндөй жанган,

Кызганамын башкалардан.

Кыялбадым сени деген үмүтүмдү,

Ай үмүтүмдү.

Кыялдансам бир өзүң кыялымда,

Ырлар жазсам бир өзүң ырларымда.

Кара мончок көздөрүң ай,

Кандай таттуу сөздөрүң ай.

Катып жүргөм бир өзүң ай сырларымда,

Ай сырларымда.